**Баткен мамлекеттик университетинин М.М. Тайиров атындагы Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун Социалдык-экономикалык билим берүү кафедрасынын изденүүчүсү Таиров Хайриддин Рахманалиевичтин адистиги 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы боюнча "КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН ТАРЫХЫ (1938-2008-жж)" деген темада тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасына Д. 07.20.624 Диссертациялык кеңештин Эксперттик комиссиясынын мүчөсү тарых илимдеринин тдоктору, профессор Абытов Байболот Капаровичтин**

# КОРУТУНДУСУ

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Х.Р.Таиров тарабынан сунуш кылынган 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча "Кадамжай районунун тарыхы (1938-2008-жж)" деген темадагы тарыхы илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган кандидаттык диссертациясы Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университенин алдындагы Д.07.20.624 Диссертациялык Кеңешинин профилине туура келет.

Каралып жаткан иште илимий адабияттарга жана архивдик булактардын негизинде Кадамжай районунун Кеңеш доорундагы жана көз карандысыздык мезгилдеги тарыхы комплекстүү изилдөөгө алынган жана 07.00.02 -Ата Мекен тарыхы адистигинин паспортуна дал келет. Иштин максаты Кадамжай районунун калыптануу жана өнүгүү тарыхын изилдөө, анын өнөр жай ишканаларынын өлкөнүн өнүгүүсүнө кошкон салымын ар тараптан иликтөө болуп саналат.

**2. Диссертациялык изилдөөнүн максаты жана милдеттери.**

Изилдөө ишинин максаты Кадамжай районунун Кеңеш доору жана эгемендүүлүк мезгилиндеги социалдык-экономикалык жана маданий жактан өнүгүү тарыхын комплекстүү изилдөө болуп эсептелет.

Диссертациялык изилдөөнүн максатын ишке ашырууда төмөнкү милдеттер коюлган:

- маселенин тарыхнаамасына ар тараптуу талдоо жүргүзүү;
- Кадамжай районунун калыптанышын жана өнүгүүсүн комплекстүү изилдөө;
- стартегиялык тармак болгон сурма, сымап казып алуучу өнөр жай ишканаларынын райондун, өлкөбүздүн жана Советтер Союзунун стратегиялык өнөр жайына, социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон салымын аныктоо;
- райондун айыл чарбасы жана өнөр жайынын Кеңеш доорундагы жетишкендиктерин изилдөө;

- эгемендүүлүк жана көз жылдарында айыл чарбасы, өнөр жайдын өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү;
- Кадамжай районунун өнөр жайынын республикалык өндүрүш тармагындагы ээлеген ордун аныктоо;
- Өнөр жайдын, айыл чарбанын райондун социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүшүнө тийгизген таасирин ачып берүү.

Диссертацияда коюлган максатына жетүүдө аткарылган милдеттерге ылайык диссертациянын изилдөө проблемасына ылайык изилдөөнүн тарыхнаамалык, тарыхый булактык базасы топтолгон. Диссертациялык изилдөөнүн объектиси диссертациянын максаты менен милдеттерине дал келет.

Диссертациялык изилдөөнүн обьектиси – Кадамжай районун Кеңеш доорундагы жана эгемендик мезгилиндеги тарыхы.

Изилдөөнүн ишинин предмети – Кеңеш мезгилиндеги Кадамжай районунун адиминстиративдик аймак катары калыптанышы, экономикалык жана социалдык-маданий инфораструктурасынын калыптануу жана өнүгүү абалы; эгемендик мезгилдеги райондун аймагынын өнүгүү тарыхынын абалы.

Диссертациялык иштин обьектиси жана предмети 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистигинин мазмунуна жана ага коюлган талаптарга жооп берет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу төмөнкү аргументтер менен аныкталган**

Диссертациялык иш Кадамжай районунун совет доорундагы жана эгемендүүлүктүн алгачкы жыйырма жылдыгындагы тарыхый өнүгүүсүнө арналып, бул аймакта көмүр өндүрүү Кыргызстандын эле эмес, Борбор Азия өлкөлөрүнүн өндүрүшүнө жана экономикасына тийгизген таасирлерин, жергиликтүү жумушчулар табынын калыптанышын жана шаардын социалдык-экономикалык, маданий өнүгүүсүн ырааттуу изилдөөгө, шаарды өнүктүрүүнүн перспективаларын ачууга арналган.

Кыргыз тарыхнаамасында Совет доорундагы жана постсоветтик мезгилдеги чакан шаарлардын тарыхы, өнөр жайы жана айыл-чарбасынын өнүгүшү жетишээрлик денгээлде изилденген эмес. Бул теманын актуалдуулугун айгинелейт.

Демек, Кадамжай районунун өнөр жайынын Кеңеш доорунун жана эгемендүүлүк мезгилиндеги тарыхын изилдөө өз убактысында аткарылган жана кыргыз тарыхнаамасына белгилүү салым кошкон эмгек катары эсептөөгө болот. Көрсөтүлгөн жагдайлар теманын актуалдуулугун мүнөздөйт жана изденүүчүнүн дисертациясын өз алдына аткарылган иш катары баалоого болот.

## 3. Илимий жыйынтыктар

Каралып жаткан дисертациялык иште “Кенчилердин району” аталган Кадамжайдын өндүрүш борбору катары калыптануу тарыхы, анын өнүгушүндөгү өнөр жайдын орду илимий негизде комплекстүү түрдө алгачкы жолу

изилденген. Советтик жана эгемендүүлүк мезгилде аталган шаарда көмүр казып алуу өнөр жайынын анын социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүшүнө тийгизген таасири далилдүү чагылдырылган. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында район калкынын жашоо денгээлинин төмөндөшү жана анын негизинде ички жана тышкы миграциянын өсүшүнүн себептери, Кадамжай районунун социалдык-экономикалык өнүгүшү тууралуу так жана далилдүү илимий жыйынтыктар чыгарылган. Негизинен илимий тыянактары бай илимий адабияттар менен тарыхый булактарга таянуу менен берилген.

***1-жыйынтык.*** Кадамжай районунун Кеңеш жана эгемендик мезгилдериндеги тарыхы өз алдынча комплекстүү атайын изилдөө болуп эсептелет (*3-бап, 4-бап*);

***2-жыйынтык.*** Кадамжай районун Кеңеш жана эгемендүүлүк мезгилиндеги изилдөө багыты боюнча жазылган тарыхнаамалык эмгектерге анализ жасалып, райондун тарыхы, экономикалык жактан өнүгүүсү жана перспективалары боюнча бир катар жаңы тарыхый булактар, архивдик маалыматтар алгачкы ирет илимий айлампага киргизилген (*1- бап*);

***3-жыйынтык.*** Кадамжай районунун административдик-аймактык түзүлүшүнүн Кеңеш мезгилиндеги калыптануу тарыхына, экономикалык өнүгүү багыттарына – айыл чарбасынын, өнөр жайынын, ишкердиктин – тарыхый булактардын, статистикалык маалыматтардын негизинде комплекситүү изилдөөгө алынып, жыйынтыктар чыгарылган (*3-бап*);

***4-жыйынтык.*** Кадамжай кендеринен казылган сурма, сымап Россия, Казакстан, Европа өлклөрүнө аскердик заводдорду камсыздоого жеткирилип турган. Ошону менен бирге Кадамжай Борбордук Азияда сурма, сымап казуу башталган эң алгачкы аймак катары каралган (*3-4-бап*);

***5-жыйынтык.*** Эгемендүүлүк мезгилдеги райондун экономикалык өнүгүү багыттары – айыл чарбасынын, өнөр жайынын, жеке жана чакан ишкердик – статистикалык маалыматтардын негизинде комплекстүү изилдөөгө алынып, өнүгүү перпекитваларына анализ кылынган (4-бап).

**6-жыйынтык.** Тоо-кен өнөр жайлары райондун социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүнө, инфратүзүмдүн жакшырышына өбөлгө түзгөндүгү аныкталган (*3-4-бап*);

**Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли.**

Изденүүчү диссертацияда ар бир жаңы жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Бул далилдер аймак, шаар таануу багытындагы изилдөөдө олуттуу мааниге ээ боло алат. Диссертацияда колдонулган Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондунун, Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин, Кыргыз Республикасынын Борбордук Коомдук-Саясий

документациялар архивинин, Ош облустук архивинин, Ош облустук саясий документациялар архивинин, Баткен облусттук архивнин, Кадамжай райондук архивинин, Баткен облусттук жана Кадамжай райондук статистикалык комитеттеринин материалдарынын, талаа материалдарынын маалыматтары менен изилдөө негизделген.

Илимий айлампага киргизилген материалдарды изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда жакшы жыйынтыктарды алып келген. Кадамжай районунун өндүрүшүнүн тарыхы илимий адабияттардын жана түрдүү булактык материалдардын негизинде ынанымдуу жана далилдүү материалдар менен бышыкталган. Диссертант алгачкылардан болуп атайын жана өзүнчө диссертациянын объектиси болуп Кадамжай районундагы жана андагы сурма, сымап өнөр жайынын тарыхы каралды жана ал илимий талаптарга ылайык даярдаган. Кадамжай району жана өнөр жайы боюнча сурамжылоолор, маалыматтар чогултулуп, жыйналган материалдарга илимий анализ жүргүзүлгөн. Изилденүүчү маселе боюнча пайдаланган тарыхый булактар жана илимий адабияттар, оозеки маалыматтар шаардын тарыхына кызыккандар тарабынан пайдаланса болот. Диссертациянын материалдарын жана тыянактарын жыйынтыктоочу илимий эмгектерди жазууда, студенттерге дарс окууда жана туризм багытындагы жол көрсөткүчтөрдү дайындоодо пайдаланса болот.

**Диссертациялык иштеги ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), корутундунун жаңычылдыгынын денгээли.**

Каралып жаткан теманын илимий жыйынтыктарынын жаңычылдык денгээли катары төмөнкүлөрдү белгилеп кетүүгө болот.

**1-жыйынтык.** Диссертациянын кол жазмасында заманбап методологиялык принциптердин негизинде Кадамжай району жана сурма, сымап өндүрүшүнүн тарыхына байланышкан илимий эмгектер, чогултулган материалдар системалаштырылып, аларга тарыхнаамалык жана булакнаамалык анализ берилип, диссертант тарабынан алгачкылардан болуп комплекстүү изилденген. Муну диссертациялык иштин негизги жаңычылдыгы катары кароого болот. Бул тема диссертациялык денгээлде мурда конкреттүү жана жаңы багыттар менен комплекстүү каралган эмес.

**2-жыйынтык.** Кыргызстандын түштүк-батышындагы жайгашкан көмүр өнөр жайларынын Кадамжай сурма, сымап кенине салыштырмалуу каралып, сурамжылоолор, маалыматтар чогултулуп, жыйналган материалдарга илимий анализ жүргүзүлгөн. Бул автордун изилдөөсүнүн дагы бир жаңычылдыгы.

**3-жыйынтык.** Кадамжай районунун жана анын өнөр жайынын тарыхын изилдөөдө автор тарабынан илимге жаңы тарыхый-этнографиялык материалдар, тарыхый-архивдик маалыматтар киргизилген. Автордун изилдөөсүнүн

материалдары жана илимий-теориялык жыйынтыктары автордун илимге кошкон жаңы салымы болуп эсептелет.

**Диссертациянын илимий практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

Х.Р.Таировдун диссертациясынын кол жазмасы жаңы тарыхый булактарды илимий айлампага киргизүүнүн негизинде Кадамжай району жана өнөр жайынын тарыхын комплекстүү изилдөөгө алган илимий изилдөө иши болуп саналат. Автордун жекече салымы илимий изилдөөнүн жүрүшүндө каралып жаткан маселенин бардык аспектилерин, чогултулган материалдарды системалаштырып келтирилип, диссертациянын структурасындагы иликтенүүчү окуялардын журүшү жалпылап, комплекстүү түрдө иликтенгендигинде турат. Диссертациялык иште тарыхый процесстер логикалык жана хронологиялык жактан ырааттуу каралып, маселенин баардык структуралык тизими боюнча ынанымдуу жыйынтыктар чыгарылган. Демек, диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдиги жана багыттуулугу толук жетишилген деп саноого болот.

**4. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Диссертациянын материалдарындагы камтылган илимий жоболор, автордук көз караштар жана изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын тарыхы предметинде, аймак тануу курстарында, материалдардын айрым бөлүктөрү республикалык жана жергиликтүү деңгээлде жаңы энциклопедиялык, маалыматтык басылмаларды чыгарууга, музейдик, экскурсиялык, реконструкциялык иштерге керектелиши толук мүмкүн.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын жана корутундусунун автордун тема боюнча жарыяланган эмгектеринде тастыкталышы.**

Х.Р.Таиров жалпысынан ар түрдүү илимий журналдарга 12 эмгек жарыялаган. Алардын үчөө чет элдик басылмаларда жарык көргөн. Эмгектердин баллынын көлөмү жеткиликтүү суммага ээ жана диссертациянын мазмунун чагылдырат. Аталган илимий иш Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын койгон талаптарына жооп берет.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Диссертациянын кол жазмасына карата эки тилде (кыргыз, орус) окшош даярдалган автореферат диссертациянын мазмунуна дал келет жана диссертациянын максаты менен милдеттери авторефераттын текстинде чагылдырылган. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилиндеги идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

**Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтерге сунуштар, сын пиирлер жана эскертүүлөр.**

Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Улуттук Аттестациялык комиссиянын талаптарына ылайык, эксперт катары төмөнкү сунуштарды, сын-пикирлерди жана эскертүүлөрдү айтабыз.

**6. Сунуштар:**

**1.** Дисссертациянын темасынын уңгусун, мазмунун жана маңызын сактоо бир аз өзгөртүү керек. Теманы **«Кадамжай районунун калыптануу, өнүгүү жана өнөр жайынын тарыхы»** - деп атаса жакшы болот деген ойдомун.

**2.** 3-бапты 3.1 **«Кадамжай районунун калыптануу, өнүгүү тарыхы»** - деп атап, азыркы 3.1, 3.2, 3.3 бириктирип, ал эми 3.2. **"Кадамжайдагы стратегиялык маанидеги комбинаттар жана алардын коргоо жаатындагы салымы"** - деп атап, сурьма комбинатын өзүнчө, сымап комбинатын өзүнчө *(подтема)* кылып берсе жакшы болот – деген сунуш бар. Анткени Кадамжай району Кыргызстан эле эмес мурдагы СССРдин маанилүү стартегиялык ишканалары жайгашкан, коргооо багытында эң маанилүү продукцияларды берип турган район болгону баса көрсөтүлгөн эмес**.**

**3.** 4-бапты **"Кадамжай районунун эгемендүүлүк жылдарындагы социалдык-экономикалык абалы"** - деп атоо туура болот.

**7. Сын-пикирлер:**

**1.** Киришүү бөлүгүндөгү диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору чачкын, топтоштурууну жана корректировкалоону талап кылат.

**2.** Тарыхнаама бөлүгү толук жазылган эмес, кайрадан иштеп чыгуу керек. Бул бөлүктө көптөгөн бул диссертацияга тиешеси жок эмгектер, диссертациялар камтылган, алардан арылуу керек. Ошол эле кезде түздөн-түз тиешеси бар илимий изилдөөлөр, диссертациялар камтылбай калган, буларды түзөтүү керек.

**3.** Кадамжай районунан чыккан чыгаан инсандарга, мамлекеттик, партиялык ишмерлерге тарыхый баа берилген эмес. А.Орозбеков, И.Раззаков. А. Масалиев боюнча атайын диссертациялар жазылган, бирок тарыхнаамалык жана тиешелүү бөлүктө ал диссертациялар эске алынган эмес.

**8. Эскертүүлөр:**

**1.** Диссертациялык иштин структурасы өтө эле майдаланып кеткен 4 бап, 12 параграф. Ошол эле кезде 2-бап бөлүнгөн эмес – 22-35.

2. Колдонулган булактар жана адабияттар өтө эле көп – 162-179 – 17 бет, ошол эле кезде диссертациянын 1.1 – 6 бет, 3.2-бөлүгү 3 бет, 3.3.1. – 6 бет, корутунду – 6 бет, мындай теңсиздиктен арылуу керек.

3. Корутунду бөлүгүн, жыйынтыктарын, практикалык сунуштарын кайра карап, толуктап, илимий нукка салуу зарыл.

Эксперт катары айтылган сунуштарды, сын пикирлерди, эскертүүлөрдү оңдоп, түзөтүү менен диссерацияны ачык коргоого сунуштаса болот.

## 9. Сунуштамалар:

**1.** Жетектөөчү мекме катары – Ош мамлекеттик педагогикалык институтун сунуштайбыз. Аталган окуу жайдын Тарых кафедрасында 07.00.02- Ата Мекен тарыхы боюнча илимдин докторлору жана кандидаттары эмгектенишет.

**2.** Биринчи расмий оппонент катары – тарых илимдеринин доктору, профессор Абытов Байболот Капарович сунушталат. Профессор Абытов Байболот Капарович Кыргызстандын өнөрп жай ишканаларынын тарыхы, алар үчүн инженердик-техникалык адистерди даярдоо, Кеңеш доорундагы өнөр жайынын абалы боюнча кандидаттык диссертациянын жана бир катар илимий эмгектердин автору.

3. Экинчи расмий опонент катары аймак, шаар таануу боюнча адистердин бири К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин “Эл аралык мамилелер” кафедрасынын башчысы, тарых илимдеринин кандидаты, доцент Рыскулов Токтобек Мамбетович сунушталат.

## 10. Корутунду

Диссертациянын кол жазмасынын баалуулугун аталган мүчүлүштүктөр төмөндөтпөйт. Иш илимий талаптарга ылайык жазылган өз алдынча изилдөө болуп саналат. Таиров Хайриддин Рахманалиевичтин адистиги: 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы боюнча “Кадамжай районунун тарыхы” деген темада тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасын Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин кароосуна ачык коргоо үчүн кабыл алууга сунушталат.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү:**
тарых илимдеринин доктору, профессор Абытов Б. К.

**Эксперттин колун тастыктаймын:**
Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, тарых илимдеринин доктору Карыева А. К.

17.09.2024